«Каралды»

КИПКнин окуу-усулдук кеңешинин

2021-жылдын 2-февралындагы

№ 3-отурумунда.

ОУКнин төрайымы: Ч.А.Мадиярова

«Бекитилди»

КИПКнин Педагогикалык Кеңешинин

2021 -жылдын 10- февралиндеги

№ 3 отурумунда.

Пед. Кеңештин төрайымы: Л.Муратова

Кызыл-Кыя индустриалдык-педагогикалык колледжинин Жаштар комитети жөнүндөгү ЖОБО

I. Жалпы жоболор

1.1. Кызыл-Кыя индустриалдык-педагогикалык колледжинин студент-жаштарынын өзүн-өзү башкаруу структурасы – жаштар комитети (мындан ары - комитет) болуп саналат.

Жаштар комитети мамлекеттик жаштар саясатын өз компетенциясынын чегинде жүзөгө ашыруучу окуу жайдагы коомдук башталыштагы түзүм болуп эсептелет. Ал Кыргыз Республикасынын Президентинин «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жаштар саясатын өнүктүрүү» жөнүндөгү жарлыгынын негизинде түзүлүп, Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндөгү», «Мамлекеттик жаштар саясатынын негиздери жөнүндөгү» мыйзамдарына, Кызыл-Кыя индустриалдык-педагогикалык колледжинин Уставына, ушул Жобого жана башка ченемдикдик укуктук актыларга таянып иш жүргүзөт. Жаштар комитети мамлекеттик жаштар саясатын өз компетенциясынын чегинде жүзөгө ашыруучу окуу жайдагы коомдук башталыштагы түзүм болуп эсептелет.

1.2. Комитет окуу жайдын 14 жаштан 28 жашка чейинки окутуучуларынын жана студенттеринин курамында түзүлөт;

1.3. Комитет республикалык аткаруу жана жергиликтүү башкаруу органдары, коомдук жана өкмөттүк эмес жаштар уюмдары менен тыгыз байланышта иш алып барат;

1.4. Комитет өзүнүн атайын кабыл алынган эн тамгасына жана тегерек мөөрүнө ээ.

1.5. Комитеттин дареги – Кызыл-Кыя шаары, И.Жусубалиев көчөсү №126, КИПКтин башкы имараты.

II. Комитеттин максаттары жана милдеттери:

Жаштар комитетинин негизги максаты жана милдеттери катары төмөнкүлөр эсептелет:

2.1. Кыргыз Республикасынын «Мамлекеттик жаштар саясатынын негиздери жөнүндөгү» мыйзамын аткаруу;

2.2. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жаштар саясатын Кызыл-Кыя индустриалдык-педагогикалык колледжинин компетенциясынын чегинде жүзөгө ашыруу;

2.3. Улуттук «Кыргызстан жаштары» программасын аткарууну камсыздоо;

2.4. Кыргыз Республикасынын башка жогорку жана орто кесиптик окуу жайлары менен байланыштарды түзүү жана күчөтүү;

2.5. Студент-жаштардын арасында фестиваль, форум, конкурс, илимий-практикалык конференция, семинар, тренинг, жолугушуу, лекция, маектешүү, дебат, дискуссия, маданий-массалык жана спорттук иш-чараларды ырааттуу түрдө мезгил-мезгили менен уюштуруу ошондой эле аймактык жана республикалык иш-чараларга жигердүү катышуу;

2.6. Студент-жаштардын укуктук, социалдык, экономикалык кызыкчылыктарын коргоого көмөктөшүү;

2.7. Жаштардын ар тараптуу өнүгүүсү үчүн мамлекеттик, жеке жана коммерциялык ишкерлер ошондой эле эл аралык уюмдар менен биргеликте социалдык программаларды, долбоорлорду иштеп чыгуу жана жүзөгө ашыруу;

2.8. Окуу-тарбия иштерине көмөк көрсөтүү, студент-жаштардын маданий эс алуусун уюштуруу, жаштар арасында дене тарбиясын жана спортту өнүктүрүү;

2.9. Мамлекеттин социалдык-экономикалык, маданий, демографиялык өзгөчүлүктөрүн эске алуу менен жаштардын укугун коргоо, мыйзамдуу кызыкчылыктарын камсыздоо;

2.10. Жаштардын нравалык, интеллектуалдык, маданий-эстетикалык жактан өнүгүүсүнө жана бийик мекенчилдик сезимде тарбиялануусуна өбөлгө түзүү.

III. Комитеттин укуктары

3.1. Окуу жайдын ичинде жаштар саясатын жүргүзүү максатында негизги приоритеттер жана багыттар боюнча сунуштарды окуу жайдын жетекчилигине жетикирүүгө жана аларды ишке ашыруу боюнча механизмдерди иштеп чыгууга, ошондой эле жаштар саясаты боюнча аймактык, республикалык мамлекеттик иш-чараларга катышууга;

3.2. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына каршы келбеген учурларда өз компетенциясынын чегинде өз алдынча чечимдерди кабыл алууга;

3.3. Социалдык-психологиялык, педагогикалык, укуктук жана турмуштук татаал кырдаалдарда жаштарга жардамдык кубаттоо көрсөтүү иш-чараларына катышууга;

3.4. КИПКтин окуу имараттарынын санитардык, электрдик-техникалык коопсуздук абалын текшерүү боюнча атайын рейддерге катышууга;

3.5. Студенттердин арасында профилактикалык түшүндүрүү жана тарбиялык иштерди жүргүзүүгө;

3.6. Окуу процессинде сапаттык жана абсолюттук жетишүүсү төмөн болгон жана коомдук жайларда өзүн алып жүрүүсү, дисциплиналык эрежелерге жооп бербеген студенттерди комитеттин кеңешмелеринин күн тартибине коюуга;

3.7. Жылдын жыйынтыгы боюнча жана майрамдык даталарга (Бүткүл дүйнөлүк жаштар күнү, Эл аралык студенттер күнү, Ата Мекенди коргоочулардын күнү, Эл аралык аялдар күнү ж.б.) карата окуу процессиндеги мыкты жетишкендиктери, спорттук мелдештерде

жогорку көрсөткүчтөрү жана маданий-массалык, коомдук иш-чараларга жигердүү катышкандыгы үчүн студенттерди, жаш окутуучуларды сыйлоо (стипендия, акчалай сыйлык, ардак грамота ж.б.) жөнүндө окуу жайдын дирекциясына сунуш берүүгө жана Жаштар комитетинин алкыш баракчасын ыйгарууга;

3.8. Жаштар комитетинин курамын өз компетенциясынын чегинде тарбия иштери боюнча методикалык координацияны камсыздоого;

3.9. Жаштар саясатына байланыштуу иш-чараларды уюштурууда ыктыярдуу жана келишимдик негизде демөөчүлөрдү жана уюмдарды тартууга;

3.10. Студент-жаштардын арасында окуу-методикалык борборлорду, спорттук клубдарды, чыгармачыл топторду ж.б. уюмдарды түзүүгө көмөктөшүүгө;

3.11. Жаштар иштери боюнча маалымат бюллетендердин, тарбиялык-методикалык ж.б. материалдарды даярдоого.

IV. Комитеттин башкаруу органы жана структурасы

4.1. Жаштар комитетинин төрагалык кызматына КИПКтин студенти Мамлекеттик тил жана жаштар бөлүмүнүн башчысы тарабынан дайындалат жана кызматтан бошотулат;

4.2. 14 жаштан 28 жашка чейинки студенттер комитетке мүчө боло алышат;

4.3. Төрага комитеттин жалпы ишмердүүлүгүн жетектейт;

4.4. Комитетке жүктөлгөн милдеттердин жана тапшырмалардын аткарылышын төрага координациялайт жана жооп берет;

4.5. Комитеттин структурасын иштеп чыгат жана кырдаалга карата өзгөртүүлөрдү киргизүүнү сунуштайт;

4.6. Комитеттин структуралык жетекчилери (орун басары жана тармактардын координаторлору) комитеттин жобосуна ылайык иштелип чыккан функциялык милдеттери жана укуктары жөнүндөгү жобонун негизинде иш алып барышат;

4.7. Комитеттин мүчөлөрүн (орун басары жана тармактардын координаторлору) мыйзам чегинде дисциплиналык жоопкерчиликке тартат жана кызматынан бошотууга сунуш берет;

4.8. Жаштар комитетинин кеңешмелериндеги жоболорун бекитет;

4.9. Өзүнүн компетенциясынын чегинде комитеттин мүчөлөрүнө тапшырмаларды, инструкцияларды жана көрсөтмөлөрдү берет;

4.10. Комитеттин ишмердүүлүгүнө байланыштуу келишимдерди жана макулдашууларды түзөт;

4.11. Комитеттин ишмердүүлүгүнүн негизги перспективалык багыттарын аныктайт, пландарын иштеп чыгат жана алардын аткарылышы жөнүндө отчет даярдайт;

4.12. Тайпалардын староста кызматына шайлоо өткөзүү же дайындоо, конкурстук тандап алуу үчүн тайпанын кураторуна өз талапкерин сунуштай алат;

4.13. Комитеттин материалдык-техникалык каражаттарынын максаттуу жана эффективдүү пайдаланылуусун көзөмөлдөйт;

V. Комитеттин каржылык жана материалдык-техникалык каражаттары

5.1. Комитет тарабынан аткарылуучу иш-чараларды каржылоо Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына туура келген түрдө окуу жайдын бюджетинин, студенттик фонддун, гранттардын, долбоорлордун, демөөчүлөрдүн ж.б. каражаттардын эсебинен жүргүзүлөт;

5.2. Комитетке тиешелүү иш-чараларды аткарууда комитеттин мүчөлөрү окуу жайдын дирекциясы тарабынан бөлүнүп берилген материалдык-техникалык каражаттардан пайдаланышат.

VI. Комитетти өзгөртүп түзүү жана жоюу

6.1. Комитеттин ишмердүүлүгүн токтотуу төмөндөгүдөй жолдордун биринин негизинде ишке ашат:

а) башка структурага кошуу;

б) өзгөртүп түзүү;

в) структураны жоюу;

6.2. Комитеттин ишмердүүлүгүн токтотуу колледждин атайын тармактык тескөөчү бөлүмү тарабынан атайын түзүлгөн комиссиянын чечиминин негизинде жүргүзүлөт.

Жаштар комитетинин төрагасынын (төрайымынын), анын орун басарынын жана координаторлордун милдеттери:

I. Жаштар комитетинин төрагасынын (төрайымынын) милдеттери:

1. Жаштар комитетинин иштерине көзөмөлдүк жүргүзүүгө;
2. Жаштар комитетинин жылдык иш планын түзүүгө;
3. Ар бир Жаштар комитетинин мүчөсү жана тайпалардын старосталары менен тыгыз иштешүүгө;
4. Жаштар комитетинин мүчөлөрүнүн милдеттерин так аткаруусун талап кылууга;
5. Студенттик фонддун взносунун топтолуусун камсыз кылууга;
6. Жаштар комитеттинин жылдык иш планын аткарууну жүзөгө ашырууга;
7. Жаштар комитетинин мүчөлөрүн жоопкерчиликке тартууга же кызматтан алууга МТЖ бөлүмүнө кайрылууга;
8. МТЖ бөлүмүнүн чечимдерин кыйшаюусуз аткарууга;
9. МТЖ бөлүмүнө ай сайын кезектеги чогулушунда айлык отчеттун берүүгө.

II. Жаштар комитетинин төрагасынын орун басарынын милдеттери:

1. Жаштар комитетинин төрагасы ордунда болбогон кезде анын милдеттерин аткарууга;
2. Жаштар комитетинин жылдык иш планын түзүүгө көмөктөшүүгө;
3. Жаштар комитетинин чогулуштарын өткөрүүгө (студенттер кеңешинин төрагасы ордунда болбогон кезде);
4. Маданий иш-чаралардын пландагыдай өткөрүлүшүнө жетекчилик кылууга;

5. Окуу жайдагы жаштардын тарбиясына көзөмөлдөөгө.

III. Окуу жана илимий иштер боюнча координатордун милдеттери:

1. КИПКтин директорунун окуу, тарбия иштери боюнча орун басары жана Окуу-усулдук бөлүмүнүн (ОУБ) кызматкерлери менен тыгыз байланышта иш алып баруу;
2. Тайпаларда окуу секторлору тарабынан тайпалык журналдардын текшерилүүсүн координациялоо, 60 саат себепсиз сабакты калтырган студенттердин тизмесин тактоо жана аларды Окуу-усулдук бөлүмүнө билдирип туруу;
3. Кафедралар алдында макулдашуу менен предметтик кружокторду уюштуруу;
4. Дирекция менен биргеликте окуунун мыктыларын тактоо жана алардын сүрөттөрүн ардак тактага жайгаштыруу;
5. Сынак-сессиянын жыйынтыгы боюнча студенттердин рейтингин чыгаруу жана дубал гезиттерге илүү;
6. Дирекция менен биргеликте окуунун мыктыларын сыйлоого көрсөтүүгө көмөктөшүү.

IV. Спорт боюнча координатордун милдеттери:

1. КИПКтин дене тарбия предметинин окутуучулары менен тыгыз байланышта иш алып баруу;
2. Спорттун негизги түрлөрү (баскетбол, волейбол, теннис, шахмат, шашки, футбол, тогуз коргоол ж.б.) боюнча окуу жайдагы курама (балдар, кыздар) командаларды түзүү;
3. Дене тарбия предметинин окутуучулары менен биргеликте спорттун түрлөрү боюнча секцияларды түзүү жана алардын иштөөсүнө көмөктөшүү;
4. Дене тарбия предметинин окутуучулары менен биргеликте окуу жайлар аралык жана аймактык спартакиадаларга командаларды даярдоо жана жигердүү катышуу;
5. Кафедралар жана тайпалар аралык спорттук мелдештерди, жолдоштук беттешүүлөрдү мезгил-мезгили менен уюштуруп туруу;
6. Окуу жайдагы курстар жана адистиктер аралык спорттук мелдештерди уюштурулушун координациялоо.

V. Дискуссия-дебат координаторунун милдеттери:

1. Студенттер арасында тарбиялык мааниге ээ жана актуалдуу болгон темаларда ай сайын дискуссияларды жана дебаттарды уюштуруу;
2. Студенттерге дебаттын форматтары жөнүндө түшүнүк берүү жана тренингдерди уюштуруу;
3. Тайпалар арасында дебаттык турнирлерди уюштуруу;
4. Дебат боюнча кыргыз, орус жана англис лигадагы окуу жайдын курама командаларды түзүү;
5. Дебат боюнча окуу жайлар арасында уюштурулуучу республикалык жана аймактык турнирлерге студенттерди жигердүү катыштыруу.

VI. Каржы маселелери боюнча координатордун милдеттери:

1. Жаштар комитетинин ишмердигин каржылоо, чыгымдар сметасын сунуштоо;

2. Жаштар комитетинин жана анын мүчөлөрүнүн материалдык-техникалык жактан камсыздалышын эсеп алат;
3. Студенттер фондунун взносунун жыйналышын координациялайт.

VII. Студенттик акыйкатчынын милдеттери:

1. Окуу жайда студенттердин арасындагы чатактарды жайгаруу;
2. Студенттердин ортосундагы келишпестиктерди чечүү;
3. Студенттик кеңештин чечимдеринин аткарылышын көзөмөлдөө;
4. Студент-жаштардын укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоо;
5. Кечигүү, сабакка кирбей коюулардын алдын алууга жана аларга карата чараларды көрүүгө;
6. Студент-жаштардын тартибине жооп берүүгө.

VIII. Студенттик саламаттыкты сактоо координаторунун милдеттери:

1. Студент-жаштардын таза формаларда окуу процессине катышуусун координациялоо;
2. Окуу жайдын аудиторияларынын санитардык тазалыгын тескъъ;
3. Ар жуманын аягында ишембиликтерди уюштуруу;
4. Жугуштуу оорулардын алдын алуу боюнча кулактандырууларды илүү, тренингдерди өтүү, түшүндүрүү иштерин жүргүзүү.

IX. Кыздар кеңешинин төрайымынын милдеттери:

1. Кыздарда элдик нравалык баалуулуктарга негизделген тарбияны алып баруу;
2. Кыздар кеңешинин ишин жандандыруу;
3. Кыздар каалаган учурда кеңири кайрылуулары үчүн «Ишеним сааттарын» уюштуруу;
4. Ден-соолукка кам көрүү, гигинаны сактоого багы берүү үчүн дарыгерлер, гинекологдор менен кызматташуу;
5. Сулуулук сырлары, кийинүү маданиятын калыптандыруу үчүн косметологдо, стилисттер менен иш алып баруу;
6. Окуу жайдын аялдар кеңеши менен тыгыз иштешүүгө.

X. Маданий уюштуруу координаторунун милдеттери:

1. Студент-жаштардын маданий эс алуусу үчүн фестивалдар, конкурстар, викториналарды (*«КИПКтин мырзасы»*, *«КИПКтин периси»*, таланттуулардын фестивалы ж.б.) уюштурууга көмөктөшүү;
2. Даталуу күндөргө (Мамлекеттик тил күнү, Мугалимдердин күнү, Бүткүл дүйнөлүк жаштар күнү, Эл аралык студенттер күнү, Бүткүл дүйнөлүк СПИДге каршы күрөшүү күнү, Ата-Мекенди коргоочулар күнү, Ак калпак күнү, Аялдардын Эл аралык күнү ж.б.) карата студенттик майрамдык кечелерди, иш-чараларды уюштуруу;
3. Студенттер үчүн башкы имаратта бий кечелерин уюштуруу;
4. Окуу жайжагы сынак-фестивалдардын, кечелердин мезгилдүү уюштурулушун координациялоо;
5. Поэзия кечелерин уюштуруу.